Бишкек шаарындагы №7жалпы орто билим берүү мектебинин метод кеңешинин

№1 протоколунун көчүрмөсү

09.09.2020-жыл

Катышты- 14

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1.**Кеңешменин темасы**:2020-2021-окуу жылындагы методикалык кызматтын ишинин негизги багыттары.

- Метод кенештин 2019-2020-окуу жылындагы ишин анализдөө жана 2020-2021 жаңы окуужылындагы пландарды бекитүү.
- Метод кенештин иш планын талкуулоо жана бекитүү.
- УБлердин иш планын талкуулоо жана бекитүү.
- Насаатчылыктын иш планын талкуулоо жана бекитүү
- Жаш мугалимдер менен иштөөнүн иш планын талкуулоо жана бекитүү.

2. Методикалык иш чаралардын графиктерин бекитүү.

- Предметтик декадалардын
- Педагогикалык окуулардын
- Үйрөтүүчү семинарлардын
- Предметтер боюнча билим сапатын текшерүүнүн графиктери.
- Конкурсту жана олимпиаданы өткөрүүнүн мөөнөтүн бекитүү.

3. Мугалимдердин жаш жана жаны келген мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүнүн планын корректировкалоо.

4. 2020-2021-окуу жылында курстан өтүүчүлөрдүн графигин бекитүү.

**Угулду:**

1-маселе боюнча Метод кенештин 2019-2020-окуу жылындагы ишин анализдөө жана 2020-2021 жаңы окуу жылындагы пландарды бекитүү боюнча МИбоюнча директордун орун басары Жумабекова Н.Д сөз сүйлөдү (анализ тиркелет). Өз сөзүндө 2019-2020-окуу жылындагы 1-этапты жыйынтыктоо жылы боюнча алгылыктуу иштерге токтолду. Пандемияга байланыштуу айрым пландаштырылгандар аткарылбай калгандыгына мугалимдердин түшкө чейин онлайн түштөн кийин офлайн окутушу

көйгөйлөрдү жараткандыгын баса белгиледи.Негизинен пландаштырылгандар аткарылды.1-этаптагы диагноздоонун жыйынтыгын мониторингде белгилеп көрсөттү.(мониторинг тиркелет)

Жарыш сөзгө ОТИ боюнча дир.орун басары Касымова сүйлөдү

Электрондук журнал менен катар кадимки журнал менен да иштөө да мугалимдердин толук кандуу иштөөсү үчүн убакытты алгандыгы о.э интернеттин начар болгондугу боюнча мугалимдердин көйгөйлөрү боюнча токтолду.

Жаны окуу жылынын планы менен Жумабекова Н.Д тааныштырды.

Быйылкы окуу жылында окуу процесси пандемия бүткөнгө чейин онлайн боло тургандыгын айтуу менен окуу процессин методикалык жактан камсыздоодо онлайн учурунда да пландаштырылгандар аткарылышы керектигин баса көрсөтүү менен аралыктан окутуу учурундагы мугалимдердин көйгөйлөрүн эске алуу менен түзүлгөнүн айтуу менен мектептин психологиялык-педагогикалык темасын ишке ашыруунун 2-этабынын "Суроолорду жана теорияларды үйрөнүү жана изилдөө боюнча 2020-2021-окуу жылынын планы менен тааныштырды.

Мындан тышкары метод кенештин иш планы окулду жана талкууга коюлду.

7 УБ жетекчилери да өз бирикмелеринин пландарын окушту.Сдыгалиева ЗТ,Асанова А,К,Султанова С.Ш,Тилекбекова Ж,Молдогазиева А,Осмонова К.К.Атаярова Т.К

5 насаатчы мугалим да оздөрүнүн пландары менен тааныштырды.Кудайбердиева И.М,Дуйсембина Л.Н,.Сыдыгалиева З.Т,Султанова С.Ш,Асанова А.К.

Жаш мугалим мектебинин 3-жылынын планы менен тааныштырылды.

2-маселе боюнча Жумбекова Н.Д. Методикалык иш чаралардын графиктерин бекитүүну сунуштады

3. Мугалимдердин жаш жана жаны келген мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүнүн планын корректировкалоо боюнча УБлердин жетекчилери менен биргеликте сунушталды.

4. 2020-2021-окуу жылында курстан өтүүчүлөрдүн графигин бекитүү сунуштады.

Жарыш созгө УБлердин жетекчилери чыгышты.

**Метод кеңештин мүчөлөрү жогорудагыларды угуп талкуулап төмөндөгүдөй чечим кылат:**

1.Метод кенештин 2019-2020-окуу жылындагы ишин анализдөө боюнча жарыш сөздө айтылгандарды эске алуу менен канааттандырарлык деп белгиленсин.

2.Метод кеңештин планы жана методикалык кызматтын планы мугалимдердин көйгөйлөрүн эске алуу менен толукталып бекитилсин.

3.УБлердин,насаатчылардын,жаш мугалим мектебинин планы бекитилсин

4.Жаш жана жаны келген мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүнүн планын корректировкалоо боюнча УБлердин жетекчилери менен биргеликте сунушталган темалары бекитилсин.

5. 4. 2020-2021-окуу жылында курстан өтүүчүлөрдүн графиги толукталып бекитилсин.

6.. Методикалык иш чаралардын графиктери бекитилсин

7.Жогорудагыларды иш жүзүнө ашыруу МИ боюнча дир. орун басары Н.Д. Жумабековага милдеттендирилсин.

8. Көзөмөл жүргүзүүнү өзүмө калтырам

Чогулуштун төрагасы: Бердалиев Ч.Б.

Катчысы: Жумабекова Н.Д.